| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУ<br>ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ОРОЗБЕКОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Орозбеков айылдык кеңешинин кезектеги сегизинчи сессиясы**

**Учкун айылы** **01.08. 2025-ж**

**Токтом №42**

**Орозбеков айыл аймагындагы соода дүкөндөр, май куючу жайлар жана жеке менчик ишканалардын алдына таштанды таштоочу чакаларды(урналарды) орнотуу жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып жана талкуулап, Орозбеков муниципалдык ишканасынын жетекчиси Ө. Ибрагимовдун баяндамасын угуп, Кыргыз Республикасынын "Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө" Мыйзамынын 23-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 11-пунктуна, Орозбеков муниципалдык ишканасынын 31.07.2025-жылдагы чыгыш № 25 сандуу катына негиз Орозбеков айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Айыл аймактагы соода дүкөндөрдүн, кафелердин, май куючу жайлардын, чайканалардын жана жеке менчик ишканалардын алдына таштанды таштоочу чакаларды(урналарды) орнотуу алардын ээлерине өздөрүнүн эсебинен жүргүзүү жагы милдеттендирилсин.
2. Таштанды таштоочу чакаларды(урналарды) орнотуу үчүн жер тилкесин аныктоо айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жер жана муниципалдык менчикти башакаруу, этика, мыйзамдуулук жана адам укуктарын коргоо боюнча туруктуу комиссияларына жана муниципалдык ишканасынын директору Ө. Ибрагимовго жүктөлсүн.

**Төрага** **К. Каримов**